*УДК 338.43; 339.5*

***Ташбаев Азизбек - ф.м.и.к., профессор***
***E- mail: atashbaev@mail.ru***
***Осмоналиева Динара –э.и.к.,доцент***
***Ош технологиялык университети***
***Ош мамлекеттик университети***

# ОРТО АЗИЯ РЕСПУБЛИКАЛАРЫНДА АЙЫЛ-ЧАРБА ПРОДУКЦИЯЛАРЫНЫН СЫРТКЫ СООДАСЫНЫН ӨНҮГҮШҮ

# THE DEVELOPMENT OF EXTERNAL TRADE IN AGRICULTURAL PRODUCTS IN THE REPUBLICS OF CENTRAL ASIA

***Аннотация.*** *Макалада Орто Азия республикаларында айыл-чарба продукциялары менен жүргүзүлгөн сырткы сооданын өнүгүшү анализденген. Республикалардагы экспорт-импортту жөнгө салуу маселелери, сырткы сооданын негизин түзгөн продукциялар, алардын экспорт-импорттогу географиясы, көлөмү, сырткы соода сальдосундагы айырмачылыктар каралган. Республикалардын азык-түлүк коопсуздугу менен байланышкан калкты өздүк өндүрүлгөн азык–түлүктөр менен камсыздоо деңгээли белгиленген.*

***Аннотация.*** *В работе анализировано развитие внешней торговли сельскохозяйственными товарами в республиках Средней Азии. Рассмотрены вопросы регулирования экспортно-импортных отношений в республиках, основные виды товаров внешной торговли, география экспорта-импорта продукций, их обьемы, торговое сальдо внешнего товарооборота. Отмечен уровень самообеспеченности населения продукциями собственного производства, что связано с продовольственной безопасностью республик.*

***Abstract.*** *In this work analyzed the development of external trade in agricultural goods in the republics of Central Asia. The questions of regulation of the export-import relations in the republics, main types of goods of external trade, geography of export import of produkts, their volumes, trade balance of external commodity turnover are considered. It is noted self-reliance level the population by produkts of own production that is connected food security of the republics.*

***Ачкыч сөздөр****: айыл чарбасы, азык-түлүк продукциялары, азык-түлүк коопсуздугу, экспорт, импорт, сырткы соода, соода сальдосу.*

***Ключевые слова:*** *сельское хозяйство, продовольственные продукции, продовольственная безопасность, экспорт, импорт, внешняя торговля, торговое сальдо.*

***Key words:*** *agriculture, food production, food security, export, import, external trade, trade balance.*

Орто Азия мамлекеттеринде 2010-жылы 63,8 млн. ал эми 2015-жылы 69,1 млн. калк жашап, бул жылдар арасында калктын санынын өсүүшү 108,3 % түздү. Өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү боюнча эң чоң көрсөткүч Казахстанга туура келип 184,3 млрд. долл., ал эми эң азы Кыргызстанда 6,65 млн. долл. түздү. Айыл чарба продукцияларынын ички дүң продукцияда (ИДП) үлүшү Тажикстанда 23,5 %, Казахстанда 4,4 % чейин болуп республикалар боюнча ар түрдүүчө. Бул көрсөткүч Кыргызстанда 14,0 % (1.-таблица ).

Айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын 2010-2014-жылдарда жылдык орточо өсүү темпи Казакстан боюнча 8-9 % түзүп, салыштырмалуу жогорку темпке ээ болсо, эң эле төмөнкү орточо жылдык өсүү темпи 0,5% Кыргызстанда орун алган. Айыл жерлеринде жашаган калктын үлүшү боюнча эң көбү Таджикистанда, жалпы калктын 74%, эң азы Казакстанда 45% туура келет. Бул көрсөткүч айыл чарбасында эмгектенгендердин саны боюнча да республикалар боюнча бир-биринен айырмаланып турат, мисалы Казакстанда 19%, Түркменстанда 42% айланасында. Киши башына өндүрүлгөн ИДПнын көлөмү Казахстанда 10,5 миң долл., Түркменстанда 7,0 миң долл., Өзбекстанда 2,1 миң долл., Кыргызстанда 1,1 миң долл., Тажикстанда 0,93 миң долларга

туура келди. Айыл чарбасында эмгектенгендердин эң төмөнкү айлык акысы Тажикстанда айына 51 долларды, эң жогоркусу Казакстанда 366 доллар түздү.

1.-таблица. Орто Азия республикаларында айыл чарбасынын негизги көрсөткөчтөрү, 2015-жыл,

| Көрсөткүчтөр | Казакстан | Өзбекстан | Тажикстан | Түркменстан | Кыргызстан |
|---|---|---|---|---|---|
| Калкынын саны, млн. киши | 17,7 | 31,6 | 8,5 | 5,3 | 6,0 |
| Айыл жеринде жашаган калктын үлүшү, % | 45 | 63 | 74 | 48 | 66 |
| Иш менен камсыз болгондор арасында айыл чарбасында эмгектенгендердин үлүшү, % | 19 | 27,5 | 64 | 42,3 | 36,0 |
| Ички дүң продукция, млн долл. | 184,3 | 68,0 | 7,81 | 37,3 | 6,65 |
| Айыл чарбасында өндүрүлгөн продукциянын ИДПда үлүшү, % | 4,4 | 17,2 | 23,5 | 8,5 | 14,0 |
| Киши башына өндүрүлгөнү, миң доллар | 10,5 | 2,1 | 0,93 | 7,0 | 1,1 |
| Айыл чарбасында орточо айлык, доллар | 366 | --- | 162 | 206 | 51 |

Булагы: Республикалардын статистикалык маалыматтарынын негизинде түзүлдү.

Постсоветтик республикалардагы агро азык-түлүк саясатынын жалпы обзору [1] жыйнагында берилген. Бул жерде республикалардын айыл чарбасына кыскача мүнөздөмө, айыл чарба продукциялары менен соодадагы өзгөрүүлөр, соода маселелерин жөнгө салуудагы нормативдик жана укуктук актылар ж.б. каралган.

**Казахстандын** агро климаттык шарттары жана жер-суу ресурстары азык-түлүк продуктыларын өндүрүүнү маанилүү көбөйтүүгө мүмкүндүк берет. Азык-түлүктөрдү импорттоочу дүйнөлүк эң ири мамлекеттер Кытай жана Россиянын географиялык жактан жакындыгы өндүрүлгөн продукцияны сатып өткөрүүгө ыңгайлуу шарт түзөт. Мамлекет тарабынан айыл чарба тармагына болгон жогорку деңгээлдеги камкордукту эске алсак, анын айыл чарбасын андан ары өнүктүрүүгө толук мүмкүнчүлүктөр бар.

Казакстандын Белорусия жана Россия менен бирдикте Бажы союзун түзүшү жана бул уюмдун ЕАЭБ ге өсүп чыгышы анын сырткы соодасы үчүн жагымдуу шарттарды түздү. Бирдиктүү бажы аймагында өз ара соода жүргүзүүдө бажылык төлөмдөр колдонулбайт жана башка сандык чектөөлөр каралган эмес. Азыркы кезде ЕАЭБ тин жаңы Бажы кодекси кабыл алынган.

Казакстандын сырткы соода жүргүзүү саясатындагы приоритеттер болуп, бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна (БДСУ) га мүчө болуу, ЕАЭБ тин алкагында сооданы өнүктүрүү, КМШ өлкөлөрү жана үчүнчү өлкөлөр менен эркин соода жүргүзүү зонасына кирүү жана соода мамилелерин өнүктүрүү, чет элдик инвестицияларды тартуу болот. Бул багытта Казак Республикасында сооданы жөнгө салуучу закон жана сооданы 2010-2014-жылдарда өнүктүрүү боюнча программа кабыл алынган [2,3]. Мындан башка Казакстанда соода ишмердигин колдоо бир катар мамлекеттик программалардын, документтердин негизинде жүргүзүлөт. Булардын негизгилери болуп республикада сооданы өнүктүрүү боюнча программа, тарифтик саясат боюнча программа, соода ишмердигин жөнгө салуу боюнча закон, бажы кодекси ж.б. эсептелет.

Өлкөнүн агро өнөр жай комплекси мамлекеттин азык-түлүк коопсуздугун камсыздайт. Социалдык маанилүү азык-түлүк товарлары болгон унга, нан жана макарон азыктарына, крупага, этке, сүт азыктарына жана жер жемиштерге болгон суроо талаптын 80% ашыгыраагын жергиликтүү өндүрүлгөн продукциялардын эсебинен канааттандырылат.

Казакстандын экономикалык өнүгүүсү анын сырткы соодасын кеңейтүүгө шарт түздү. 2010-2014-жылдары сырткы товар айлануусу 88 ден 119 млрд. долл. жетти же 35% өстү, жана оң соода балансы 37 млрд. долл. түздү. Агро азык-түлүк товарларынын тышкы соода айлануусу, тышкы экономикалык ишмердиктин товардык номенклатурасына (ТЭИ ТН 1-24) ылайык, бул мезгилде 4,9 дан 6,8 млрд. долл. чейин өстү. Импорттун көлөмү 58% тен 62% көбөйдү. 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча Казакстан азык-түлүк товарларын нетто-импорттоочу болуп сырткы соода айлануусунда 1,6 млн. долл. өлчөмдөгү терс сальдону түздү [4].

Акыркы беш жылда, агро азык–түлүк товарларды суммардык экспорттоо 2,0 дөн 2,6 млрд. долл. чейин өстү. Казакстандан негизге экспорттук рыноктору болуп Азербайджан, Иран, Кыргызстан, Россия, Тажикстан, Турция, Өзбекстан эсептелет. Экспорттун түзүмүндө эң чоң үлүш буудай жана буудай уну 70%ти түзүп, Казахстан бул багыттагы дүйнөлүк эң ири экспортерлордун катарына кирет. Бүгүнкү күндө сырткы базарга жылына 5-7 млн. тонна буудай, 2-3 млн. тонна ун жеткирилет. Экспорттун ар жылдагы көрсөткүчтөрү бир катар өзгөрүүлөргө ээ болуп, ал дандын түшүмдүүлүгүнөн жана дүйнөлүк баалардын коньюктурасынан көз каранды. Мисалы, 2013-жылы Орто Азия республикаларында бажы төлөмдөрүнүн жогорулашына байланыштуу унду сыртка чыгаруунун көлөмү азайган.

2010-2014-жылдарда азык-түлүк товарларын импорттоо 2,9 дан 4,2 млрд. долл. өскөн. Продукциялар негизинен Беларусиядан, Бразилия, Кытай, Россия, АКШ жана ЕСтин өлкөлөрүнөн алынат. Импорттун өсүшү төлөмгө жөндөмдүү ички суроо талаптын өсүшү менен байланышкан. Бул мезгил аралыгында калктын киши башына туура келген ИДПнын өлчөмү 9 дан 12 миң долл. жеткен. Акыркы беш жылдагы импорттун орточо жылдык өсүү темпи 6-8% болду.

Импорттун түзүмүндө 70%ти тамак–аш продукциялары түзөт: сүт азыктары, кант жана кондитердик азыктар, алкоголдук жана алкоголсуз ичимдиктер, эттен, балыктан кайра иштетилген азык заттар. Импорттун курамында терең кайра иштетилген айыл чарба сырьелорунун жогору болушу өлкөнүн ичинде азык – түлүктү кайра иштетүү өнөр жайынын жетишердик эмес деңгээлде өнүккөндүгүн айгинелейт.

**Өзбекстанда** өнөр жайынын жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн өнүгүү потенциалынын кеңейиши менен айыл чарбасынын ИДПдагы үлүшү акырындык менен кыскарууда. Бул көрсөткүч 2005-жылы 26,3% болсо, 2014-жылы 17,2% чейин төмөндөгөн. Ошол учурда айыл чарба продукцияларынын өндүрүүнүн орточо жылдык өсүү темпи бул жылдары 6,3%ти түздү. Бул жетишкендик агрардык секторду модернизациялоо жана аны туруктуу өнүктүрүүнү колдоо боюнча иш чараларды ишке ашыруу жана структуралык өзгөртүп түзүүлөрүнүн жардамында аткарылды. Бул мезгилде айыл чарбасынын дүң продукциясы 1,7 эсе, ал эми киши башына 1,5 эсе өскөн. Калкты жумуш менен камсыз кылууда агрардык сектордун мааниси чоң жана жалпы иш менен камсыз болгондордун 27,5%ти түзөт.

Айыл чарба продукцияларын өндүрүүдө дыйкан жана жеке фермердик чарбалар негизги орунду ээлейт жана алардын үлүшү 2014-жылы 98%ке жетти. Жүргүзүлгөн реформаларга байланыштуу жашылча-жемиш продукцияларын жылдык өндүрүү 17,5 млн. тоннага, анын ичинде жашылчалар 53,5%, мөмөлөр 14,3%, картошка 14,1%, бакча өсүмдүктөрү 9,8% жана жүзүм 8,5%ти түздү. Өзбекстандын калкынын керектөөсүн канааттандыруу үчүн бул продукциянын 80% жетиштүү, ал эми калган бөлүгү урук өндүрүү үчүн жана кайра иштетилип экспортко жөнөтүү үчүн пайдаланылат.

2014-жылы азык–түлүк товарларын экспорттоо 13,2% өскөн. Анын жалпы экспорттогу үлүшү 11,9% болуп, 2012-жылга (6,2%) караганда бир топ өсүп кеткен. Азык-түлүк продукцияларынын импорту 2013-жылы 13,1% өсүп, анын акыркы беш жылдыктагы көрсөткүчү экспортко караганда жайыраак темпте болгон.

Өзбекстандын агро экспорттогу башкы түзүмүн пахта буласын экспортто түзөт, бирок бул көрсөткүч, пахтаны өлкөнүн ичинде кайра иштетүүнүн өсүшүнүн натыйжасында 2010-2014-жылдары 33,4% азайып кеткен. Пахта буласынын жалпы экспорттоого көлөмү бул мезгилдерде 11,3% тен 7,4% чейин ал эми азык – түлүк товарларынын экспортунда 45,7% тен 30,3 % чейин азайган [5].

Азык–түлүк экспортунун курамында ТЭИ ТН ылайык негизги үлүш жаңы өстүрүлгөн жемиштерге жана жашылчаларга туура келет. Анын үлүшү 2014-жылы 89,7% болду. Азык-түлүк товарларынын импортунда кант жана кондитердик азыктар 19,5%, ун–акшак тартуу өнөр жайынын продукциялары 18%, тоңдурулган жана өсүмдүк майлары 16,6 %, дан өсүмдүктөрүнүн түшүмдөрү 10,3% болду.

Бажы союзунун түзүлгөндүгүнө байланыштуу азык-түлүктү экспорттоонун географиясы өзгөрүлдү. Эгерде мурда продукцияны 60% ашыгы Россияга чыгарылса 2011-жылдан баштап Өзбекстандын азык-түлүк товарлары көбүрөөк Казакстанга экспорттоло баштады. Экспорттун көлөмү 2010-жылы 17% боллсо, 2014-жылы 55,9%ке жетти. Россияда экспорттун көлөмү 2014-жылы болгону 5%ти түзүп, бул көрсөткүч Афганистанга 8,3% жана Иранга 6,4% караганда төмөн. Россияга жана Казакстанга чыгарылган экспорттун суммардык көлөмү анча өзгөрбөй келүүдө. Бул көрүнүш орус-казак чек арасындагы бажы маселелеринин чечилиши жана ЕАЭБтин алкагында товарлардын эркин которулушу менен түшүндүрүлөт.

Өзбекстанда экспортко чыгарууга уруксат берилбеген продукциялардын тизмеси бекитилген. Буларга дан түшүмдөрүнөн буудай, арпа, кара буудай, сулу, күрүч, жүгөрү, гречиха, нан азыктары, ун, акшак, канатттуулар, эт жана эттен жасалган азык субпродуктылар, кант кирет.

Азык–түлүк товарлары негизинен Казахстандан алынып келет жана ал 2014- жылы 32,8%ти түздү. Акыркы беш жылдагы импортто Россиянын үлүшү 2010-жылы 13,7% 2014-жылы 20%ке чейин өскөн. Ошондой эле Өзбекстанга туруктуу товар экспорттоочулар болуп Бразилия (16,2%), Кытай (3,7 %) жана Украина (3,6%) эсептелет.

Өзбекстандын сырткы соодасын жөнгө салуучу ченемдик актылар болуп, сырткы экономикалык ишмердүүлүк жөнүндө, экспортту көзөмөлдөө жөнүндө жана бажы жана салык кодекстери эсептелет. Соода жүргүзүүдө негизги ишмердүүлүк импортту алмаштыруу, ата-мекендик өндүрүүчүлөрдү колдоо, экспортко багытталган өндүрүштү андан ары өнүктүрүү жана продукциянын ички жана сырткы рыноктордо атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган [6].

**Тажикстан** агрардык-индустриалдык өлкөлөрдүн катарына кирип, анын экономикасынын негизин айыл чарбасы түзөт, анын ИДП дагы үлүшү 23,5%. Тажикстандын 2010-2015-жылдардагы Улуттук өнүгүү стратегиясын ишке ашыруу негизинде айыл чарбасынын продукцияларын дүң көлөмүнүн өсүү темпи жылына 8,6% болду жана бул Орто азия республикаларындагы эң жогорку көрсөткүч. Таджикистандын калкынын 73,5% айыл жерлеринде жашайт. Айыл чарбасында өндүрүлгөн жалпы продукциянын үчтөн бири мал чарбачылыгына туура келет. Өндүргөн продукцияны 20% гана өлкөнүн ичинде кайра иштетилет [7].

Өлкөнүн дүйнөлүк калыптанган транспорт инфраструктурасынан салыштырмалуу алыстыгы, коммуникациялык чектелгендиги, бийик тоолуу рельефи, деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу мамлекеттин ыңгайсыз экономикалык–географиялык абалын аныктайт.

Тажикстандын соода ишмердүүлүгү 2012-жылы кабыл алынган сырткы соода ишмердүүлүгү жөнүндөгү закон [8], бажы жана салык кодекстери жана бир катар ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат. 2014-жылы импорт жана экспорт

иштери жөнөкөйлөтүү максатында “бирдиктүү терезе” принциби киргизилген. Тажик өкмөтү сырткы соода маселелерин жөнөкөйлөтүү боюнча Улуттук комитетти түзүүнү ишке ашырууда. Ошондой эле республиканын парламенти БДСУ менен соода процедураларын жөнөкөйлөтүү боюнча макулдашууну ратификациялап, жүктөрдү чыгаруу жана транзиттик ташып өткөрүү, бажылык оформить этүү иштерин жеңилдетти.

Жер шартынын татаал рельефи, анын 90% ашыгын тоолор ээлеп, инфраструктурасы, автомобиль жана темир жолдорунун абалы ошондой эле деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу Тажикстандын сырткы соода иштерине ыңгайсыз шарттар болот. Өзбекстандын территориясы аркылуу соода жүргүзүү чектелген мүнөзгө ээ болуп Кытай аркылуу транзит бийик ашуулар аркылуу жүргүзүлүп кышында жабылып калат. Азыркы мезгилде Кыргызстан жана Афганистан аркылуу альтернативдүү соода маршруттары жолго коюлууда. Бул тоскоолдуктарга карабастан Тажикстан ачык экономика ээ болуп сырткы сооданын көлөмү ИДПнын 57,1%ти түзөт. Сооданын көлөмү негизинен импорттун эсебинен өсүп, экспорттук ишмердүүлүктө прогресс жокко эсе.

Акыркы 15 жылдын ичинде сырткы соода сальдосу терс болуп келүүдө. Азык түлүк продуктыларын импорттоо экспортко караганда 4,7 эсе ашыкчалык кылат. Негизги импортолуучу товарларга буудай жана ун, андан кийин  кант, өсүмдүк майы, жашылчалар, жер–жемиштер, картошка, ун азыктары, (макарондор, кесмелер, ун, пирожный, печеньелер ж.б.) сүт азыктары, чай, жумуртка ж.б. кирет. Акыркы жылдары картошканы импорттоо 31,2 %, ун 2,2 %, жумуртка 28,2%, макарон азыктары 16,8% азайган. Бул аталган товарларды өлкөнүн ичинде өндүрүүнү жогорулатуунун эсебинен жетишилди. Пайдаланылган эттин, сүт жана сүт азыктарынын, жумуртканын 50% ашыгы, дан жана нан  азыктарынын 66% ашыгы ж.б. азык–тамак продуктылары импорттун эсебинен камсыздалат жана ал өсүү тенденциясына ээ.

Тажикстанда товарларды экспортоодо алыскы чет өлкөлөр басымдуулук кылса, ал эми импортто КМШнын өлкөлөрү ээлейт. Сырткы соода айлануусундагы КМШ өлкөлөрүнүн үлүшү 45,6% ал эми алыскы чет өлкөлөрдүн үлүшү 54,4% түздү. Тажикстандын негизги соода өнөктөштөрү болуп Россия, Казахстан, Кытай, Швецария, Турция, Иран, Литва, Туркменистан, Афганистан ж. б. эсептелет. Айыл чарба жана тамак аш продуктылары негизинен Афганистан, Россия, Казакстанга, май өсүмдүктөрүнүн уруктары жана жашылчалар Казакстан, Пакистан, Россияга, жер-жемиштер жана жаңгак Украинага, помидорлор, картошка жана пияз Афганистанга чыгарылат. Тажикстанда азык түлүк продуктыларынын тышкы соодасы жүзүм, кургатылган жемиштерди жана жаңы мөмө-жемиштерди кошпогондо калган продукциянын түрлөрү боюнча терс сальдого ээ.

Калкты өздүк өндүрүлгөн азык–түлүктөр менен камсыздоо коэффиценттери, өлкөдө кабыл алынган нормативдер боюнча, дан өсүмдүктөрү үчүн 90%, пайдаланылган картошканын 74,7%, мөмө-жемиш жана жашылчалардын тиешелүү 53,2% жана 58,5 % түздү. Ички өндүрүлгөн эт жана эт азыктары чындыгында пайдаланылган продукциянын 24,6%, сүт жана сүт продуктыларынын сүткө карата эсептегенде 53,3% гана камсыздайт [7]. Тажикстанда мал чарбачылыгынын жана өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн продукцияларын өндүрүүнүн көлөмүн жогорулатуунун өтө зарыл курч маселеси турат.

**Туркменистандын** айыл чарбасында өндүрүлгөн продукциянын 58% мал чарбасына туура келет. Өсүмдүк өстүрүүчүлүктөгү негизги багыттар болуп пахтачылык жана дан чарбасы, ал эми мал чарбачылыгында  кой өстүрүү жана ири мүйүздүү мал болуп эсептелинет. Жалпы айдоо аянттарынын 58% дан өсүмдүктөрү, анын ичинде негизгиси буудай, ал эми 36% техникалык өсүмдүктөргө, пахта өстүрүүгө туура келет. 2015-жылдын биринчи жарымында экономикадагы мамлекеттик эмес сектордун үлүшү 65%ке жетти. Айыл чарбасында бул көрсөткүч 92%ти түзөт. Мамлекеттик заказ боюнча айыл чарба өсүмдүктөрүнүн төрт гана түрү: буудай, пахта, күрүч жана кант кызылчасы өстүрүлөт.

Акыркы жылдарда айыл чарбасында жүргүзүлгөн реформаларга байланыштуу Туркменистан өзүн дан менен толук камсыз кылып, аны экспортко чыгара баштаганын белгилөөгө болот.

Түркменстандын соода саясатынын негизги багыттары болуп сырткы сооданы мамлекеттик жөнгө салууну андан ары өнүктүрүү, ички өндүрүлгөн продукциялардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырууну колдоо чаралары, ички рынокту жана ата мекендик товар өндүрүүчүлөрдү коргоо, товарлардын сапатын жана коопсуздугун жогорулатуу болуп эсептелет. 2014-жылы эки тараптуу соода-экономикалык кызматташтык 100 дөн ашык мамлекеттер менен жүргүзүлгөн. 2000-жылдан баштап, сырткы сооданын статистикасына ылайык, Түркменстандын сырткы соода айлануусу оң сальдого ээ болуп келүүдө.

Туркменистандын экспортунда негизги товарлар болуп, газ, нефти продуктылары жана текстиль буюмдары эсептелет. Алар Кытайга, Россия, Иран, Италия, Азербайджанга чыгарылат.

Керектөө товарларынын импорту акыркы 5 жылга 21,3 % ден 18,4 % чейин азайган. Анын ичинде айыл чарба товарлары 6,8% ден 6,0 % чейин, өнөр жай товарлары 14,5% ден 12,4% чейин төмөндөгөн.

2014-жылы импорттолуп келген калктын керектөө товарларынын 33% жакыны айыл чарба продукциялары болуп эсептелет. Айыл чарба продукциялары импорттоо 2014-жылы мурдагы жылга карата 6,5%ке өскөн, өнөр жай товарларыныкы 14,7% жогорулаган. Сары майды, сырларды, коюлтулган сүттү, жашылчаларды, жер жемиштерди, күрүчтү, өсүмдүк майын, балык жана балыктан жасалган продукцияларды, кантты, чайды импорттоо өстү. Ошол эле учурда эт жана эт продуктыларын, жумуртканы, шоколадды ташып кирүү азайган. Айыл чарба товарлары негизинен Россиядан (19%), Ирандан (17%), Турциядан (9%), Казахстандан жана Индиядан (7%) импорттолгон б.а. негизинен Туркменистанга коңшу өлкөлөргө туура келет [9].

2015-жылдын биринчи жарымында керектөө товарларыннын импорту, 2014-жылдын ушул мезгилине карата 12%ке азайган. Сары май, сыр, коюлтулган сүт, мөмө-жемиштер, жаңгак, чай, күрүчтү импорттоо азайып, канаттуунун этин, жумуртка, жашылча-жемиштерди, өсүмдүк майын, кантты экспорттоонун наркынын көлөмү жогорулаган.

Сырткы экономикалык ишкердүүлүктү жөнгө салуу Түркменстандын атайын закондорунун, нормативдик–укуктук актылардын негизинде ишке ашырылат. Бул документтерге ылайык министрлер кабинети ички рынокту, ата-мекендик өндүрүүчүлөрдү коргоо ж.б. максаттарда айрым импорттук товарларга атайын компенсациялык жана антидемпингдик пошлиналарды, товарлардын айрым түрлөрүн импорттоодо убактылуу сандык чектөөлөрдү киргизе алат [10]. Импорт-экспорт соода амалдарында тарифтик жана тарифтик эмес эрежелер жана ишмердүүлүктү лицензиялоо ж.б. чаралар каралган.

Туркменстанга эттин бардык түрлөрү, өсүмдүк майлары (пахта майынан башкалары), сары май, жумуртка, буудай, күрүч, гречиха, таруу ж.б. дан өсүмдүктөрү, ун-акшак өнөр жайынын продукциялары, кант бажы төлөмдөрү алынбай сандык жактан чектелбестен киргизилет. Ушул эле шарттарда жер-жемиштер жана жашылча жемиштерди сыртка чыгарууга уруксат берилген.

Түркменстанда экспорттук продукциянын көлөмүн жогорулатуу жана импортту алмаштыруучу өндүрүштү уюштуруунун Мамлекеттик программалары 2015-жылы май айында кабыл алынган. Бул программаларга кирген проекттердин арасында айыл чарба жана тамак-аш өнөр жайына тиешелүү жана эт-сүт продуктыларын, жемиш-жашылча жана балык продукцияларын кайра иштетүү жана анын түрлөрүн арттыруу боюнча ишканаларды куруу каралган.

Жогоруда жүргүзүлгөн анализдин негизинде төмөнкүлөрдү жыйынтыктап айтууга болот:

1. Казакстандын агро өнөр жай комплекси мамлекеттин азык-түлүк коопсуздугун камсыздайт. Социалдык маанилүү азык-түлүк товарлары болгон унга, нан жана макарон азыктарына, крупага, этке, сүт азыктарына жана жер жемиштерге болгон суроо талаптын 80% ашыгыраагын жергиликтүү өндүрүлгөн продукциялардын эсебинен канааттандырылат. Экспорттун түзүмүндө эң чоң үлүш буудай жана буудай уну 70% түзүп, Казахстан бул багыттагы дүйнөлүк эң ири экспортерлордун катарына кирет. Импорттун өсүшү төлөмгө жөндөмдүү ички суроо талаптын өсүшү менен байланышкан. Импорттун түзүмүндө 70% тамак–аш продукциялары түзөт: сүт азыктары, кант жана кондитердик азыктар, алкоголдук жана алкоголсуз ичимдиктер, эттен, балыктан кайра иштетилген азык заттар. Импорттун түзүмүндө терең кайра иштетилген айыл чарба сырьелорунун жогору болушу өлкөнүн ичинде азык-түлүктү кайра иштетүү өнөр жайынын жетишерлик эмес деңгээлде өнүккөндүгүн айгинелейт.
2. Өзбекстандын агро экспортто башкы түзүмүн пахта буласы түзөт, бирок бул көрсөткүч, пахтаны өлкөнүн ичинде кайра иштетүүнүн өсүшүнүн натыйжасында 2010-2014-жылдары 33,4% азайып кеткен. Жүргүзүлгөн реформаларга байланыштуу жашылча, мөмө, картошка, бакча өсүмдүктөрү жана жүзүм өстүрүү өскөн жана Өзбекстандын калкынын керектөөсүн канааттандыруу үчүн бул өндүрүлгөн продукциянын 80% жетиштүү, ал эми калган бөлүгү урук өндүрүү үчүн жана кайра иштетилип экспортко жөнөтүү үчүн пайдаланылат. Азык–түлүк экспортунун курамында негизги үлүш жаңы өстүрүлгөн жемиштерге жана жашылчаларга туура келет. Азык-түлүк товарларынын импортунда кант жана кондитердик азыктар, ун–акшак тартуу өнөр жайынын продукциялары, тоңдурулган жана өсүмдүк майлары, дан өсүмдүктөрүнүн түшүмдөрү негизги бөлүктү түзөт. Азык-түлүк товарлары негизинен Казахстандан алынып келет.
3. Тажикистанда товарларды экспортоодо алыскы чет өлкөлөр басымдуулук кылса, ал эми импортто КМШнын өлкөлөрү ээлейт. Азык түлүк продуктыларын импорттоо экспортко караганда 3-4 эсе ашыкчалык кылат. Негизги импортолуучу товарларга буудай жана ун, андан кийин кант, өсүмдүк майы, жашылчалар, жер–жемиштер, картошка, ун азыктары, сүт азыктары, чай, жумуртка ж.б. кирет. Пайдаланылган эттин, сүт жана сүт азыктарынын, жумуртканын 50% ашыгы, дан жана нан азыктарынын 66% ашыгы ж.б. азык–тамак продуктылары импорттун эсебинен камсыздалат жана ал өсүү тенденциясына ээ. Тажикстанда мал чарбачылыгынын жана өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн продукцияларын өндүрүүнүн көлөмүн жогорулатуунун өтө зарыл курч маселеси турат.
4. Акыркы жылдарда айыл чарбасында жүргүзүлгөн реформаларга байланыштуу Туркменистан өзүн дан менен толук камсыз кылып, аны экспортко чыгара баштаганын белгилөөгө болот. Сары майды, сырларды, коюлтулган сүттү, жашылчаларды, жер жемиштерди, күрүчтү, өсүмдүк майын, балык жана балыктан жасалган продукцияларды, кантты, чайды импорттоо өстү. Ошол эле учурда эт жана эт продуктыларын, жумуртканы, шоколадды ташып кирүү азайган. Айыл чарба товарлары негизинен негизинен Туркменистанга коңшу өлкөлөргө туура келет жана Россияда, Ирандан, Турциядан, Казахстандан жана Индиядан импорттолгон.

***Адабияттар:***


1. Обзор агропродовольственной политики в постсоветских странах.2014-2015. [Электронный ресурс] http: // www.fao.org/publications.
2. Программа по развитию торговли в Республике Казакстан на 2010-2014 годы"/ ПП РК. - № 1143. от 30 октября 2010.
3. О регулировании торговой деятельности / Закон Республики Казакстан.-№544. от 12 апреля 2004 года.
4. База данных Агенство Республики Казакстан по статистике [Электронный ресурс] http: //www.stat.gov.kz/
5. База данных Государственного комитета Республики Узбекстан по статистике [Электронный ресурс] http: //www.stat.uz/

6. О внешне экономической деятельности / Закон  Республики Узбекстан.-№ 285 от14 июня 1991 г (Новая редакция, №77-II от 26 мая 2000 г.)
7. База данных Агенство по статистике при Президенте Республики Тажикстан [Электронный ресурс]  http: //www.stat.tj/ru
8. О внешне торговой деятельности / Закон  Республики Таджикстан от 2012 .
*9.* База данных Государственного комитета Түркменстана по статистике. [Электронный ресурс], http:// www.stat.gov.tm/ru/
*10.* О внешне экономической деятельности/Закон  Туркменстана от 6 августа 2014.